деле салыштыруулар, көркөм сөз каражаттары, уйкаштыктар конкреттүү, максаттуу пайдаланылып, ашыкча нерсеси жок экенин баамдасак болору белгиленген.

**Адабияттар тизмеси:**


1. **Асаналиев, К.** Кыргыз адабий терминдер сөздүгү [Текст] / К.Асаналиев, Р.Кыдырбаев –Бишкек, 2014. – 519 б.
2. **Кебекова, Б.** Классикалык изилдөөлөр. Токтогул [Текст] / Б.Кебекова. –Бишкек: Полиграф бумресурсы, 2018. -7 б.
3. **Кебекова, Б.** Классикалык изилдөөлөр. Каада-салт ырлары (Фольклористика) [Текст] / Б.Кебекова. –Бишкек: Принт-экспресс, 2017.- 332 б.
4. Эл адабияты сериясы. Балбайдын керези. –Бишкек: Принт-экспресс, 201. - 17Т.- 366 б.
5. Залкар акындар(Легендарлуу акындар Калыгул, Арстанбек).-Бишкек:Бийиктик плюс, 2015.- 200 б.


DOI: https://doi.org/10.54834/.vi2.403

Поступила в редакцию: 02.02.2024 г.

**УДК 894, 341**

***Акылбекова А.А.***
*аспирант Кыргызского государственного универ. им. И.Арабаева, Кыргызская Республика*

## ЗАМАНА АКЫНДАРЫНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДАГЫ ПОРТРЕТТИК СҮРӨТТӨӨЛӨРДҮН КӨРКӨМ ФУНКЦИЯСЫ (КАЛЫГУЛ БАЙ УУЛУ ЖАНА АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУНУН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН МИСАЛЫНДА)

*Жумушта изилдөөнүн предмети болуп замана акындарынын чыгармачылыгындагы портреттик сүрөттөөлөрдүн көркөм функциясы каралган. Изилдөөнүн максаты-акындар поэзиясындагы портреттик сүрөттөөлөр мезгил-мейкиндик алкагында каралып, баа берилиши болуп саналат. 19-кылымдагы кыргыз элинин саясый социалдык-экономикалык жашоо шарты мезгилдик алкактан каралып, портреттик сүрөттөлөргө кандай таасир берген жана спецификалык өзгөчөлүктөрү каралып, обьективдүү анализге алынат. Кандай гана доор болбосун мезгилдин духу чыгармачыл адамдардын жараткан дөөлөттөрүндө баяндалып, күзгү сыяктуу чагылып турат. Элдин басып өткөн тарыхый жолу жандуу кыймылын акындардын, манасчылардын, сынчылардын, ойчулдардын ойлорунун түпкүрүндө чагылып, жалпы журттун жан дүйнөсүн көрсөтүп турганын аныктоо үчүн салыштырма, сыпаттама усулдары пайдаланылды. Бул жумуш замана акындары Калыгул Бай уулу жана Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылык дөөлөттөрүндөгү портреттик сүрөттөлөргө басым жасалып, изилдөөнүн баалуулуугун белгилейт Портреттик сүрөттөлөр замана акындарынын чыгармачылыгында мезгил-мейкиндик концепциясынын негизинде каралып, обьективдүү баа берилет.*

***Негизги сөздөр:*** *замана акындары; портрет; көчмөн маданият; цивилизация; эвропалык-христианчылык; акыр заман; тар заман.*

## ХУДОЖЕСТВЕННАЯ ФУНКЦИЯ ПОРТРЕТНЫХ ОПИСАНИЙ В ТВОРЧЕСТВЕ ПОЭТОВ-ЗАМАНИСТОВ (НА ПРИМЕРЕ ПРОИЗВЕДЕНИЙ БАЙ УУЛУ КАЛЫГУЛА И АРСТАНБЕКА БУЙЛАШ УУЛУ)

*Предметом исследования в работе является художественная функция портрета в творчестве современных поэтов. Цель исследования - рассмотреть и оценить портретные описания в поэзии поэтов в рамках времени и пространства. На периодической основе рассматриваются политические, социально-экономические условия жизни кыргызов в XIX веке, рассматриваются и объективно анализируются особенности и влияние на портреты. Дух любой эпохи описан и отражен как зеркало в творениях творческих людей. Сравнительным и описательным методами установлено, что исторический путь народа находит отражение в глубоких мыслях поэтов, сказителей, критиков,*

*мыслителей и показывает душу народа в целом. Данная работа посвящена портретным образам в период творчества современных поэтов Калыгул Бай уулу и Арстанбека Буйлаш уулу и подчеркивает ценность исследования.*

***Ключевые слова:*** *поэт; акыны-заманисты; портрет; кочевое искусство; цивилизация; европейское христианство; лихое время; светопреставление.*

## ARTISTIC FUNCTION OF PORTRAIT DESCRIPTIONS IN THE WORKS OF ZAMANIST POETS (ON THE EXAMPLE OF THE WORKS OF BAI UULU KALYGUL AND ARSTANBEK BUYLASH UULU)

*The subject of the study is the artistic function of the portrait in the works of modern poets. The purpose of the study is to consider and evaluate portrait descriptions in the poetry of poets within the framework of time and space. On a periodic basis, the political, socio-economic conditions of life of the Kyrgyz in the 19th century are examined, the features and influence on portraits are examined and objectively analyzed. The spirit of any era is described and reflected as a mirror in the works of creative people. Using comparative and descriptive methods, it has been established that the historical path of the people is reflected in the deep thoughts of poets, storytellers, critics, thinkers and shows the soul of the people as a whole. This work is devoted to portrait images during the period of creativity of modern poets Kalygul Bai uulu and Arstanbek Builash uulu and emphasizes the value of the research.*

***Key words:*** *poet; akyns-zamanists; portrait; nomadic art; civilization; European Christianity; hard times; end of the world.*

Кыргыз адабияттаануу илиминде XIX кылымдын экинчи чейреги XX кылымдын баш ченindеги акындар поэзиясында өзүнө ылайык мазмун, форма, чыгарма жаратуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон «Замана адабияты» аталышындагы деген термин кабыл алынган. Аталган көркөм адабий процесстин пайда болушу тууралуу фольклорист-окумуштуу Т. Саманчин мындай белгилейт: «Элди башка бир кандык каратып алып, эл турмушу баштагысынан ого бетер кыйындаган учурда, бул «Замана» жөнүндөгү чыгармалар күч алып, адабиятта кеңири өнүгө баштаган. Элдин турмуш алы баштагысынан да начарлаган сайын «Замана» жөнүндөгү ырлардын убайымчыл-мистикалык жагы да арбый барган. Ошентип, «Замана» жөнүндөгү ырларды дини-мистикалык идеяга таянып, элдин эзилгенин көрсөтүп, бийлик кылуучуларга каршы ырдалган чыгарма деп мүнөздөөгө болот [1]. Т.Саманчиндин көз карашында тарыхый чындыкка дал келген жактарын эске алуу негиздүү. Анткени, 18-19-кылымдан тарта дүйнөлүк тарыхта чоң өзгөрүүлөр болуп, илим менен техниканын өсүп-өнүгүшү, жаңы континенттердин ачылышы, ок-дарылардын жаңы үлгүлөрүнүн пайда болушу менен социалдык-экономикалык секирик жасаган бай өлкөлөр артта калган кедей өлкөлөрдү басып алып, колонияга айланта баштаган. Дүйнөлүк чоң державага айланган Россия, Англия, Германия, Франция сыяктуу ж.б. өлкөлөр дүйнөнү бөлүштүрүү процесси болуп жатканда Россия империясына коңшу жашаган түрк жана монгол тилдүү элдер мындай процесстин көз жаздымында калган эмес. 1855-1876-жылдар аралыгында Кыргызстандын территориясы Россия империясынын курамына кошулуп, көчмөн жашоо образы менен жашаган кыргыз элине эвропалык-христиан цивилизациясынын баалуулуктары күч-колдонуп киргизиле баштаган. Айрыкча, Россия империясынын бийлик төбөлдөрү менен биргеликте көчүп келген орустар жайытка ылайыктуу жер-сууларын тартып алып, жергиликтүү элдерди тоо-ташка кууп салуу саясаты мамилени абдан курчуткан. Андан тышкары К. Койлубаев «Жазгыч акындардын чыгармачылыгы» (2010) деп аталган эмгегинде «замана акындарынын» пайда болуу башаты көөнө руханий дөөлөттөрдөн тышкары суфизм-диний философиялык агымдын таасири деп баалаган. Орто кылымдагы Ахмет Ясави, Бахауддин Накшбанд Букари (1314-1389), перс-таджик акыны Жами (1414-1492), өзбек акыны Алишер Навои (1441-1501)

сыяктуу чоң акын-жазуучулар жана диний аалымдардын чыгармачылыгы казак-кыргыз акындарына таасир берип келгенин мындай белгилейт: «Ошентип, орто кылымда өнүгүүсүн баштаган суфизм агымы XIX кылымдан XX кылымдын башталышына чейинки кыргыз казак оозеки жана жазма адабиятына да таасир эткен. Казак акындарынан «акыр заман» идеясын өз чыгармачылыгына колдонгон Букар Жырау, Шортонбай, Дуулат, Аубакир жана башкаларды кездештиребиз. Ал эми кыргыз адабиятынын тарыхында Калыгул, Арстанбек акындар ушул агымдын баштоочу ири өкүлдөрү болсо, Молдо Нияз, Молдо Кылыч Алдаш Молдолор бул багытты жазуу түрүндө улантуучулар болуп эсептелишет [2]. Казак-кыргыз акын-жазуучулары Абай Кунанбаев (1845-1904), Мухтар Ауэзов (1897-1961) жана Калыгул Бай уулу (1785-1855), Тоголок Молдо (1860-1942), Алдаш Молдо (1874-1930) сыяктуу алдыңкы интеллегенция өкүлдөрүнүн суфийлик агымдын таасиринде болгондугун кошумчалайт. Ислам диний-философиялык агымдын ишенимде жалган дүйнөгө караганда чын дүйнө (бейиш) идеалдаштырып айтылат. Ошондуктан, кыргыз коомуна эвропалык-христиандык баалуулук системасы күч менен келип киргенде жергиликтүү маданий дөөлөттөр туруштук бере албай талкалана баштаганда, элдин алдыңкы өкүлдөрү эски заманды даңазалап, убайымчыл-мистикалык (Т. Саманчин) жолго түшүп кетишкен.

Академик О. Ибраимов «замана акындарынын» убайымчыл-мистикалык (Т. Саманчин) жолго түшүп кетиши тууралуу мындай белгилейт: «Культурно-охранительное сопротивление заманистов в лице Калыгула, Арстанбека, Молдо Кылыча и других было сопротивлением отчаянных, потому что они видели и предугадывали, что силы тут несопоставимые и проникновение нового «замана», т.е. новой «эпохи» практически неизбежно. Так сформировался их мировоззренческий эсхатологизм, песни и поэмы о конце света, о наступлении тяжелого, сложного, горестного («зар заман»), «узкого» времени («тар заман»). Проклиная «зар заман», заставляя людей плакать и тревожиться своими мрачными предсказаниями и догадками, иные из заманистов потом сами переходили на письменную форму акынства, на книги, собирали библиотеку и активно проповедовали грамотность и учебу» [3]. Академик О. Ибраимов белгилеп кеткендей эле Россия империясынын колониялык саясатынын негизинде алакандай элдин маданий-баалуулуктары талкаланып, руханий деградацияга учураган мезгилди «Акыр заман», «Тар заман», «Зар заман» деп элестетип, элге ырдай башташкан.

Илим менен техниканын өсүп-өнүгүшү цивилизациялык алака-катышка алып келген. Мындай процесс салттуу коомду өзгөрүүгө мажбурлап, интеллегинция өкүлдөрүн толгонууга дуушар кылган. Айрыкча, көркөм сөздүн чеберлерине таасир берип, алар бүткүл кыргыз элине тарата баштаган. Фольклорист-окумуштуу А. Обозканов «замана акындарын» эки багытка классификациялап алып карайт: «Акындар чыгармачылыгынын тарыхына назар салсак «Замана» тематикасындагы ырлар эки багытта кездешип, эки башка өңүттөн чечмелөөнү талап кылат. Биринчиси, турмуштун теңсиздигин кыйытып термелеп ырга салган, көтөргөн проблемасы, козгогон ой-санаасы бири-бирине мазмундаш «Замана», «Дүнүйөдөй» (буга «Жокчулукту» да кошууга болот, себеби аталышы гана «Жокчулук» болгону менен замандын түрү, турмуштун ак-кара, өйдө-ылдыйы өңдүү социалдык жагын чагылдыруусу боюнча «Жокчулук», «Замана» менен «Дүнүйөдөн» эч канча деле айырмаланбайт) ырлардын Жеңижок, Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы, Корголдой өкүлдөрү.

Экинчиси, өзү жашаган доорду, андагы тарыхый-социалдык жаңылануулары, ошондон улам келип чыккан салт-санаадагы бузулууларды так көрсөтүп ырга салган Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч башында турган - «Акыр заман», «Тар заман», «Зар заман» жана «Хал замандай» ырлардын өкүлдөрү [4]. «Замана» темасындагы ырлар салттуу уланып,

муундан-муунга өтүп келгенин белгилейт. Алсак, Калыгулдан Арстанбекке, Арстанбектен Молдо Кылыч, Алдаш Молдолорго таасир тийгизип «Зар заман», «Хал заман» ырларын жаратып келишсе, о. э. Жеңижок менен Токтогулга Барпы жана Коргоол таасирленип, «Дүнүйө», «Замана» тууралуу ырларын жаратышканын ортого салган. А. Обозкановдун пикирине таяна турган болсок, анда «Замана» тууралуу айтылган көз караштар жалпы кыргыз элинин калың катмарына тараганын көрсөк болот.

19-кылымдагы эвропалык-христиандык маданият менен көчмөн цивилизациясынын карым-катнашынан пайда болгон саясый-экономикалык кырдаал замана акындарынын ыр саптарындагы портреттик сүрөттөлөргө таасирин тийгизген. Калыгул Бай уулу менен Арстанбек Буйлаш уулунун санат, терме ырларында орустардын келиши менен кыргыз элинин башына акыры-кыямат замандын келгендиги тууралуу айтылган. Калыгул Бай уулунун санат-терме ырларында мындай саптар кездешет:

«Орус алмак биздерди,
Ошо заман жакын болду»
«Акыр заман жакындап
Келип калды...».

Ал эми Арстанбек Буйлаш уулунун саптарында мындай ойлор кездешет:

«Түбү казак, кыргыз балдары
Сары оруска кул болор,– деген саптарында акыр замандын келиши орустардын келиши менен параллель каралып, кыргыз элинин башына кыйын күн түшүп, кара булут тегеренип калганын тынчсызданып айтып олтурат.

«**Өңү сары, көзү көк**
**Орус чыгат,**
Миң түтүнгө бир киши
Болуш чыгат,
Узун чыккан чөп болсо
Оруп чыгат,
Кыска чыккан чөптөрдү
Коруп чыгат, – деп айтып,

«**Өңү сары, көзү көк;**
**Орус чыгат»** деген саптарда славян типтүү элдердин портреттик келбети түзүлүп, ыр саптарында чагылып олтурат. Тактап айтканда, өңү сары, көзү көк орустардын келиши менен – миң түтүнгө бир кишини болуш кылып, административдик-территориалдык өзгөртүүгө мажбурлап, уруу-уруу болуп өзүнчө аймакта жашаган кыргыздарды бөлүп жарып, урууларды аралаштырып, болуштукка бириктире баштаган. Кыска чыккан чөптөрдү; Коруп чыгат – деген саптардын аркасында либералдык жеке менчик саясатын айтып, тарыхый процессти алдын ала сүрөттөп берип жатат. Анткени, 1861-жылы Александр II «Крепостной укукту жокко чыгаруу» тууралуу буйрук чыгарат. Бирок, дыйкандар эркиндикке ээ болгону менен курсагын тойгузганга жери жок болуп, Россия империясы басып алган жерлерге кетире башташкан. Ошентип, жери жок жүргөн дыйкандар кыргыз жерлерине отурукташып, жергиликтүү элдердин жерлерин тартып алып, өзүнө тийиштүү жерлерди коруп ала баштаган. Ал эми, коллективдүү жашоо образында уруу-уруу менен жашап жүргөн кыргыздар үчүн мындай кадамдар жат көрүнүш болуп саналган. Акыр заман адамдын баары эле аалым болуп, ыйык китептин аяттарын бек тутпай, залым болуп, аганын тилин ини албай, чагым болуп, заман бузуларын алдын ала эскертет. Ушунун баары каапыр менен аралаш айыл конгондо башталарын боолголойт.

Акыр замандын кишилери дене мүчөсү кичине болуп, илгерки өткөн адамдардан кескин түрдө айырмаланып, этеги жок, жеңи жок кийим пайда болуп, балдар да кыйын чыгат деп салыштырып жатат.

«Этеги жок, жеңи жок
Кийим чыгар,
Эң кийинки баласы
Кыйын чыгар»,– сыяктуу ыр саптарында мезгил-убакыттын өтүшү менен үстүнө кийип турган кийимдер менен кошо адамдар да өзгөрүүгө дуушар болурун айткан. Калыгул Бай уулунун ыр саптарында портреттик сүрөттөөлөр адамдардын руханий жан-дүйнөсү өзгөрүүгө дуушар болуп, майдаланып баратканын салыштырып айткан. Акылман-олуянын дагы бир ыр саптарында мындай сөздөр кездешет:

«Этекти кессең тон болбойт,
Эзелки душман эл болбойт.
Желкени кессең тон болбойт,
Жеткилең бийик жол болбойт»,– деген саптарда этекти жана желкени кесип тон кыла албайсың деп эзелки душманды эл кылып бириктире албасын, бийик жерди жол кылып жасай албайсың деп салыштырып олтурат.

Акыр замандын келиши менен салттуу үй-бүлөлүк байланыштар өзгөрүп, кыз менен жигиттин ортосундагы ыймандык-императивдер бузулуп, кыз кишинин назик, жагымдуу, сүйкүмдүү сапаттарын жоголуп баратканын төмөнкү ыр саптарында белгилейт:

«Кызыл-кызыл кыялар,
Кыргый талга уялар
Такыясын колго алып,
Кыз жигитти кубалар». Ыр саптарында көрүнүп тургандай «такыясын колго алып, кыз жигитти кубалап» каларын көрсөтүп турат. Салттуу кыргыз коомунда кыз баланын күйөө издеп, эркекти ээрчип, жигитти кубалап калган окуялар жат көрүнүш болуп саналган. Ушул эле көз карашты улай сулуу аял тууралуу мындай айтат:

«Атың кашаң болгон соң
Аштан-тойдон калган соң
Күлүктүгү не пайда?!
**Алганың сулуу болгон соң**
**Аркырап беттен алган соң**
**Сулуулугу не пайда?!»**.

Аялзаты үй-бүлөдөгү жылуулуктун, куттун даанакери болуп саналат. Анын жүзү келбеттүү болгону менен үй-бүлөдөгү ынтымакты, тынчтыкты бузуп, үй-бүлөнүн руханий жылуулугун камсыздабастан мамилени салкындатып турса, анда жүзүү сулуу болгону менен жан дүйнөсү кедей экенинен кабар берет. Ошондуктан, алгач жылкы баласынын күлүктүгүнөн мурда, унаа катары бааланып келсе, ал эми аялзатынын сулуулугунан мурда, үйдүн куту катары баркталып келгенине басым жасап олтурат.

Арстанбек Буйлаш уулу Калыгулдун «Акыр заман» тууралуу көз карашын улантып, минтип ырдаган:

«Мужуктары бар экен,
Меңдубана бүрүндөй,
**Жасоолдору бар экен,**
**Желмогуздун сүрүндөй»**.

Мужуктарын (орус жигиттери: автор) – меңдубана (уулу чөп) чөпкө, жасоолдорун (укук коргоо кызматкерлери) желмогуздун сүрүнө салыштырып берип жатат. Орус улутундагы адамдардын жүзүн уулу чөпкө, диний-мифологиялык окуялардагы терс образдардын катарын толуктаган желмогуздун сүрүнө салыштырып, алардын портретин кыяматтын, алааматтын эпкини менен катар коюп олтурат. Кыргыз фольклористикасында желмогуз кемпирдин образы «Эр төштүк» эпосунда мындай берилет:

«Денемде жети башым бар,
Жаны жок соку атым бар,
Сендейден сексен миң чал келсе,
Соро турган алым бар» - Эламан тогуз уулуна жар издеп таап келе жатып, сууда агып келе жаткан өпкөнү көрүп, укурук менен сайып жиберсе, желмогуз кемпир шап жабышып, кууратат. Бул окуяда желмогуз кемпирдин портреттик сүрөттөлөрү «денеде жети башы бар», «жаны жок соку аты бар», «сексендей чал болсо дагы соро турган алы бар» деп сүрөттөлүп олтурат. Денеде жети башы бар, жаны жок соко аты бар, сексендей чалды соро турган алы бар желмогузду орустун жасоолдоруна салыштырып, ырдап олтурат. Орустардын келиши менен заман жаман жагына өзгөрүп, жан дүйнө кедейленип, ой жүгүртүүлөр тарып баратканын кабарлап ырдаган.

**«Жакасы бар, жеңи жок,**
**Жамынып жатар жери жок,**
**Тула бою топчулуу,**
**Тон кыскарган замана,**
Озунуп чапкан союлуп,
Кол кыскарган замана» , – сыяктуу ыр саптары аркылуу жакасы бар, жеңи жок тондордун жамынып жатарда жылуулугу жоголуп, замана тарып баратканын чагылдырган. Тон – кыргыз элинин улуттук кийим кечеси болуп саналган. Ал кышында жылуулук берип, катуу сууктан коргогон. Жакалуу келип, адамдын тизесинен ылдый түшүп, жеңи узун болгон. Ал эми, орустардын келиши менен жакасы бар, жеңи жок тон чыгып, сууктан коргобостон, жамынып жатып жылуулук алганга мүмкүн болбой калганын тар заманга салыштырып берип олтурат.

Калыгул Бай уулу жана Арстанбек Буйлаш уулунун санат, терме, насыят ырларында эвропалык-христиан цивилизациясынын келиши менен акыр заман, тар замандын келгенин салыштырып ырдаган. Андан тышкары ырларындагы портреттик сүрөттөөлөр бир гана адамдын келбетин, коомдогу алган статусун жөн гана чагылдырып бербестен мезгилдин духун кошо чөгөрүп, көркөм кызмат аткарып турган. Этеги жок, жеңи жок – кийим, өңү сары, көзү көк – орус, жакасы бар, жеңи жок – тон, такыясын колго алган кыздар, булар – кылымдарда калыптанган кыргыз дөөлөттөрүнүн өзгөрүп, тышкы күчтөрдүн таасирин символдоштуруп турган көркөм каражаттардын милдетин аткарган.

## Жыйынтык

Портреттик сүрөттөнүн мезгил-мейкиндик алкагынан алып караганда «Классикалык доорунда», «Советтик мезгилде» жана «Эгемендүүлүк учурда» ар бир доордун идеологиялык процесси, тарыхый абалы, саясый-экономикалык кырдаалы кашкайып көрүнүп турганын баамдасак болот. Портреттик сүрөттөлөр доордун картинасын түзүп берип, мезгилдин духун өзүнө сиңирип турганын баамдай алдык. Акындардын элдик оозеки чыгармаларынын айрым үлгүлөрүн булак катары пайдаланышы, анын өзөгү менен көркөм образды түзүү кыргыз элинин көөнө сөз байлыгын колдонушу, кээ бир ырларынын көркөм сөз каражаттарын пайдалануу жагынан акындык поэзиясы менен байланыштуу каралып олтурат. Мындай

карым-катнаштын изилдөөнүн объектисине алынып жатканы актуалдуу маселелерден болуп эсептелери белгиленген.


**Адабияттар тизмеси:**

1. **Саманчин, Т.** Кылыч жазуучу акын [Текст] / Т.Саманчин. – Фрунзе, 1948. – 74 б.
2. **Койлубаев, К.** Жазгыч акындардын чыгармачылыгы (Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо) [Текст]: окуу куралы / К.Койлубаев. – Каракол, 2010.- 29 б.
3. **Ибраимов, О.** История Кыргызской литературы XX века [Текст] / О. Ибраимов. –Бишкек, 2014. -19 б.
4. **Обозканов, А.** Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкреттүү табияты [Текст] / А.Обозканов. - Б.: Шам, 2006. - 264 б.
5. Залкар акындар сериясы, 1-том [Текст] / Түзгөн: Б. Кебекова, А. Акматалиев, С. Мусаев, Р. Сарыпбеков. –Бишкек, 2015.


DOI: https://doi.org/10.54834/.vi2.404

Поступила в редакцию: 02.02.2024 г.

**УДК 81-11(575.2) (04)**

***Джунушалиева Г.Дж.***
*в.н.с. института им. Ч. Айматова НАН Кыргызской Республики*

## САН АТООЧТОРДУН ЖАСАЛЫШЫНДАГЫ НЕГИЗГИ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

*Изилдөөнүн предмети катары кыргыз тилиндеги сан атоочтордун жасалышына тиешелүү негизги өзгөчөлүктөр каралат, анткени сан атоочтор байыртадан калыптанган өзүнчө сөз жасоо тартиби бар сөз түркүмү. Изилдөөнүн максаты сан атооч сөздөрдүн аналитикалык жол аркылуу жасалышындагы компоненттеринин орун тартибинин туруктуулугун мааниси өзгөчө экендиги жана синтетикалык жол өтө өнүмсүз колдонулгандыгын белгилеп көрсөтүү. Изилдөөнүн методдору катары сан атооч сөздөрдүн жасалышында негизги өзөк сан атооч сөздөрдө, алардын бири-бири менен айкашышын атайын изилдөөгө ылайыктуу материалдарды пайдалануу менен белгилүү жыйынтыктарды чыгаруу. Изилдөөнүн жыйынтыктарында сан атооч сөздөр ички мүмкүнчүлүгү аркылуу гана байып, толукталып тургандыгын, башкача айтканда, сан атооч сөздөрдүн жасалышы сан атоочтун айланасынан чыкпагандыгын белгилөө. Изилдөөнүн илимий баалуулугу, сан компонентинин структурасындагы сөздөрдүн жасалышы башка сөз түркүмдөрүнүн сөз жасоо тартибинен айырмаланып, ички мүмкүнчүлүгү аркылуу гана байып, толукталып тургандыгы менен баалуу болуп саналат. Изилдөөнүн практикалык мааниси тил багытында изилдөөгө кызыккан кесипкөй адистерге, мектеп окуучулары менен жогорку окуу жайлардын студенттерине, магистранттарга, аспиранттарга сандык маанидеги материалдарды өздөштүрүүдө кызмат кылат. Изилдөөнүн келечектеги сунуштары катары сан компоненттеринин объективдүү дүйнөдө, адамзаттын ойтутумунда, кубулуштарда, иш процесстерде санак формасында кабыл алынып, эсеп-кысап, отчет, балл, хронология, убакыт, мерчем, ченем, өлчөм, салмак, доор жана башка колдонулушу өзгөчө мааниси бар экендигин ар тараптуу изилдөөлөр жүргүзүлүшү максаттуу көрүнүш.*

***Негизги сөздөр****: сан атооч; сөз жасоо; аналитикалык жол; синтетикалык жол; өзгөчөлүктөр; моделдер; орун тартип.*

## ОСНОВНЫЕ ОСОБЕННОСТИ В ОБРАЗОВАНИИ ЧИСЛИТЕЛЬНЫХ

*В качестве предмета исследования рассмотрены основные особенности, связанные с образованием числительных в кыргызском языке, числительные – это группа слов с отдельным порядком словообразования, сложившимся с древних времен. Цель исследования - указать на то, что значение стабильности порядка компонентов при образовании числительных аналитическим методом имеет особое значение, и, что синтетический метод используется весьма*